Автору: Жылдыз Бекболотова Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова

# Кереметтин досу Айсулуу

4-китеп



BalaBook

***Урматтуу ата-энелер!***

Балага китеп окуп берүү — бул жөн гана жомок айтып берүү эмес. Бул — жүрөктөрдү жакындаткан өзгөчө көз ирмем, мээримге толгон убакыт жана балаңыздын келечегине кошкон баалуу салым. Сиздин үнүңүздү угуп, жаныңызда отуруп китеп уккан бала өзүн коопсуз сезет, сүйүүнү жана камкордукту тереңирээк туят.

Мындан тышкары, чогуу китеп окуу — ата-эне менен баланын ортосундагы ишенимди бекемдейт. Каармандардын жоруктарын талкуулоо, суроолорго жооп берүү, күлүү жана кыялдануу — мунун баары сиздердин байланышыңызды дагы да тереңдетет. Бала үчүн эң баалуу нерсе — сиздин убактыңыз жана көңүл буруунуз.

Адистердин айтымында, китеп окуу баланын сөз байлыгын кеңейтет, элестетүү жөндөмүн өнүктүрөт жана ой жүгүртүүсүн жакшыртат. Мындай учурда баланын мээсинде жаңы байланыштар пайда болуп, эс тутуму жана көңүл буруусу чыңдалат. Эрте жаштан китеп менен дос болгон баланын окууга болгон кызыгуусу артып, билим алууга умтулуусу күчөйт.

Андыктан ар бир күнү китепке бир нече мүнөт бөлүңүз. Бул мүнөттөр жылуу эскерүүлөргө айланып, балаңыздын жүрөгүндө өмүр бою сакталат.

BalaBook китеп жыйнагы сиздерге керемет көз ирмемдерди тартуулап, сиздер менен бирге болсун!

Көңүлүңүздөр сергисин, бирге окуп, бирге өсүңүздөр!

Саламым менен,
Китептин автору
***Жылдыз Бекболотова***

Автору: Жылдыз Бекболотова
Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова

# Кереметтин досу Айсулуу

4-китеп

2026

Сүйлөшкөндөй эле кийинки дем алышта Айсулуу атасы менен шаарды көздөй бет алышты. Кубанычында чек жок эле. Жолдуката атасына жобурап келет. «Шаарга барам, Кереметти көрөм, Минканы көрөм» дейт сүйүнгөндөн. Атасы кызын тамашалап: «Кимисине көбүрөөк сүйүнүп жатасың?» — деп күлөт. Айсулуунун чечекейи чеч болуп, «Баарына сүйүнүп жатам» деп кыткылыктайт.



Ал эми шаардын четиндеги үйдө бир кичинекей кыз «Досум келет» деп алек.

Таң атпай туруп, бөлмөсүн айттырбай жыйнап, жада калса короону дагы шыпырып жиберди. Апасы конокторго деп тамак жасоо менен алек. Атасы кызынын бүгүнкү элпектигине суктанып бүтпөйт.



— Керемет, Айсулууну жума сайын эле конокко чакырат окшойбуз, я?

— Ий, ата, жөн туруңузчу тийиишпей.

— Айттырбай үй жыйнап, короо шыпырып калат турбайсыңбы.

— Өзүңүз деле конок келээрде айттырбай гаражды жыйнап каласыз го.



Атасы каткырып:

— Анын да туура, кызым. Демек, «уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» дегендей, сен дагы мени туурап жаткан турбайсыңбы.

— Ооба, ата.

Баары бир сыйра каткырып күлүп алышты. Бүгүн Кереметтин үй-бүлөсүндө шаңдуу күн.



Минка келген күнү Лума үйдө жок, көчө кезип кеткен эле. Бир топтон кийин келген Лума, дароо эле үйдө пайда болгон башка жытты сезген. Каалганын жанында акыйып карап турса, ары жактан кичинекей бир бала мышык менен Керемет чуркап чыккан. Мындайды күтпөгөн Лума чочуп кетип үрүп жибергенде, Минканын жонундагы жүнү тик туруп, кайра Лумага тап берген.



Керемет эки урушчаак корозду бөлүп, экөөнө үйдөн колбаса уурдап чыгып берип жоошутту. Апасына бир көрсөтүп, бир көрсөтпөй колбаса берип жүруп, бир жуманын ичинде экөөнү бири-бирине көндүрүп, ажырашкыс дос кылды. Эми Лума Минканы кичинекей бөбөгүндөй карап калды. А түгүл Минка Луманын ак сарайында уктачу болгон.



Бүгүн Керемет гана эмес, Лума менен Минка дагы Айсулууну күтүп жатышкандай. Керемет экөөнү отургузуп алып эртеден бери божурап жатты. Экөө дагы кудум түшүнүп жатышкандай анын жанында отурушту. Балким, «Качан колбаса берет?» деп күтүп жатышкандыр.



Кереметтин чыдамы кетип, көчөнү жүз жолу карагандай болду. «Айсулуу качан келет?» деп чыдамсыздык менен күтүп жатты. Анткени ал досун Берметке тааныштырам деп убада берип койгон. Түштөн кийин алар Берметтикине барып ойношмокчу болушкан.



Акыры бир такси көчөдөн бурула берип, Керемет Айсулууну көрдү. Экөө бири-бирине кол булгалашып, машинадан түшүп-түшпөй учурашышты. Кереметтин артында куйругун шыйпаңдатып Лума жүрдү.



— Кандайсың? Сен Лума турбайсыңбы? — деди Айсулуу Луманы сылап. — Минка кана?

— Короодо жүрөт, жүрү! — деп Керемет досун колунан алып сүйрөп жөнөдү. Минка керилип күнгө кактанып уктап жаткан экен.



Чоңдор учурашып, чай-пай ичкиче эки кыз бир чыныдан чайды жутуп алып, көчөгө жөнөштү. Бермет дагы Кереметти күтүп отурган. Эшик кагылары менен чуркап чыкты.

— Кандайсың, Бермет? Бул менин досум Айсулуу. Таанышып ал.

Берметке Кереметтин «менин досум» деген сөзү анча жага бербеди. Ошентсе да колун берип, Айсулуу менен учурашты. Айсулуу Берметтин көңүлсүз учурашканын көрүп, өзүн бир аз ыңгайсыз сезип турду.

— Биз сени менен ойнойлу деп келдик. Кирсек болобу? — деди Керемет досунун үйгө чакырбаганына таң калып.







— Ээ, эме... көчөдө эле ойнойлучу. Мен азыр кийинип чыгам, — деп Бермет үйгө кирип кетти.

Демейде өз үйүндөй эле кирип-чыгып жүргөн жаны, эмнеге Берметтин мындай кылганын Керемет түшүнө алган жок.

Бир аздан кийин Бермет дагы чыкты. Эмне ойноорун билишпей үчөө көчөдө туруп калышты. Анан Керемет «Топ алып келем» деп үйдү көздөй басты эле, «Мен дагы сени менен барам» деп Айсулуу аны жандап алды. Бермет болсо: «Анда мен үйгө кеттим», — деп кетип калды.



Керемет: «Берметке эмне болгон, таарынтып алдымбы?» — деп дагы деле түшүнө албай турду. Айсулуу экөө кечке чейин Берметти унута калышып, моокумдары канганча ойноштту. Акыры кечинде эстери ооп, кечки тамактан кийин эле төшөккө кулашты. Бирок кыткылыкташып, дагы деле «уктайлы» деген ойлору жок эле.

— Эртең дагы күн бар, ойноп жетишесиңер. Азыр уктагыла, — деди атасы эки кызга кайрылып .



Эртеси күнү Кереметтин ата-энеси: «Айсулууга шаар көрсөтөбүз», — деп үйдөн чыгып жатышкан. Көчөдө Бермет жалгыз отуруптур. Керемет чуркап барып учурашты эле, ал көңүлсүз гана «салам» деп койду.

— Бермет, сага эмне болгон? Мен сени таарынттымбы?

— Жок ай, ойной бер досуң менен. Эртең ал кеткенде эле кайра жалдырап «Бермет» деп келесиң.



— Бермет, сен дагы менин досумсуң да.

— Сен кечээ Айсулууну «менин досум» дедиң го.

— Сен дагы менин досумсуң. Менин эң жакын досум сенсиң го. Ошого таарынып жатасыңбы?

— Ооба, сен Айсулууну «досум» деп, а менчи?

— Бермет, сен дагы менин досумсуң. Мен экөөңөрдү тең жакшы көрөм.



Кереметтин артынан келген Айсулуу:

— Биз дагы сени жакшы көрөбүз, — деп күлдү. — Бермет, андан көрө жүрү биз менен. Баарыбыз чогулуп үч мушкетёр болобуз.

— Жүрү биз менен, — деди Керемет Берметти колунан сүйрөп.

— Азыр апамдан суранып чыгайын.

Берметтин көңүлү дароо көтөрүлө түштү.





Бир аздан кийин Бермет кооз көйнөгүн кийип чыга келди. Апасы кийинтип, колуна акчасын карматып: «Досторуң менен барып кел», — деди жылмайып. Үч достун кубанычтары коюндарына батпай турду.

Биринчи каруселге барышты. Керемет менен Бермет көнгөн адаттарынча бир каруселден экинчи каруселге чуркап жүрүштү. Чогуу түшкөн селкинчектерин айтып, жеген балмуздактарын айтып бүтүшпөйт. Айсулууга сейил бак берки эки досундай көнүмүш эмес эле. Анын үстүнө экөөнүн чогуу өткөргөн окуялары да толтура экен. Экөөнүн арасында Айсулуу өзүн чоочундай сезе баштады.



Бир аздан кийин эле каруселдер ага көңүлсүз болуп, үйүнө кеткиси келе баштады.

— Айсулуу, сага эмне болду? - деп Керемет кабатырланды.

— Экөөңөрдүн сөзүнөргө кошула албай жатам. Мен бул сейил бакка мурда бир эле жолу келгем.

— Эч нерсе эмес. Сен бизге айылдагы кызыктарды айтып бер.

—Ооба, мага окшоп кечээкидей таарынып күнүңдү текке кетирбе. - деп Бермет күлдү.



Кереметэкидосубири-биринтүшүнүп,тилтабышканына абдан кубанычта эле. Анткени ал эки досун тең бирдей жакшы көрөт.



Карусель тээп, балмуздак жешип, эстери оогондо үйгө кайтышты. Кечинде Айсулууну атасы «алып кетейин» деп келгенде анын кеткиси жок. Бермет менен Керемет «айылга конокко барабыз» деп убада берип жатышып досун узатышты. Биринчи күнү Кереметтин бакчада айтып берчү көп окуялары бар эле. Ал ошого сүйүнүп жатып уктады.






**Керемет айылда** (1-китеп)
Керемет кантип короз менен кармашып, көчөдөн Айсулуу менен достошту? Керемет кандай ачылыш жасады жана эмнеге үй жаныбары керек деп чечти? Кеттик анда Керемет менен айылга!




**Кереметтин тоодогу бир күнү** (2-китеп)
Асандан угуп, Керемет да тоого баргысы келди. Бул китеп Керемет менен атасынын тоодогу бир күнүн баяндайт. Керемет кантип күчүктүү болду жана ветеринар анын күчүгүн кантип дарылады?




**Кереметтин мышыгы** (3-китеп)
Ураа, Керемет мышыктуу болду! Мышыгынын аты — Минка. Минка кимге окшош? Лума менен Минка достошобу же касташабы? Муну бул китептен билесиң, балакай.